# Даттануулар жана сунуштар китебин толтуруу боюнча нускама

*Даттануулар жана сунуштар китебин* толтурууда (мындан ары - Китеп), даттануучу Китептин бардык тиешелүү реквизиттерин жазып толтурууга тийиш.

Мында, даттануучу Банктын аталышын, түзүмдүк бөлүмүнүн аталышын, иштин маңызынын кыскача баяндалышын, өтүнүчтүн негизин, сунуштарды, зарылчылыкка жараша, даттанууга же сунушка тиешелүү төлөм документтериндеги же башка документтердеги маалыматтарды жазып толтуруусу зарыл.

Даттануучунун кат жүзүндөгү кайрылуусунда анын аты-жөнү көрсөтүлүп кол тамга коюлууга жана даттануунун маңызынан тышкары, анын жашаган, иштеген жерлери жана байланыш телефон номери /e-mail жазылууга тийиш.

Даттануучунун кат жүзүндөгү кайрылуусунда анын аты-жөнү почта дареги көрсөтүлбөгөн болсо, бул тоголок кат катары кабыл алынуу менен, каралууга тийиштүү болбойт.

Банк, эгерде, банктын дарегине жөнөтүлгөн кат Банктын кызматкерлерин шылдыңдап, алардын өмүрүнө, саламаттыгына, мүлкүнө, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө коркунуч келтирүү мазмунунда болсо, аларды жоопсуз калтыруу укугуна ээ.

Даттануучу тарабынан берилген кайрылуунун мазмунунда бирөөнү ушактаган, жалган маалыматтар, башка адамдардын ар-намысына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтар болгон учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопко тартылууга алып келет.

“РСК Банк” ААК өз кардарларын баалайт жана жогорку сапаттагы банктык кызматтарды көрсөтүүгө кызыктар.